**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ**
**КАЙЫҢДЫ ШААРДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН**
**КАИНДИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ**

---

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

04.10.2023 ж. № 79/XXIII – 5

## Кайыңды шаарынын мэриясынын 2023-жылынын бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

«Кайыңды шаарынын мэриясынын 2023-жылга бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө», Кайыңды шаарынын мэриясынын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысынын катын карап чыгып, маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 78 - жана 95- беренелеринин негизинде, ошондой эле IV - кварталда мэриянын 2023-жылга бюджетине пландаштырылган финансылык каражаттардын ашыкча түшкөндүгүнө жана болжолдонгон түшүүсүнө байланыштуу, Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясы токтом кылат:

1.2023-жылдын 7 айынын жыйынтыгы боюнча 2500,0 миң сом өлчөмүндө пландан ашыкча түшкөн акча каражаттарын төмөндөгү иш-чараларга пайдаланууга макулдук берилсин:
- Кайыңдыдагы ички жолдорду асфальттоо - 1442,0 миң сом
- №1 КШЛ нын актовый залынын терезелерин алмаштыруу – 578,6 миң сом
- «Куш-Канат» бала бакчасына жаңы жылытуучу от казан сатып алуу – 479,4 миң сом.

2.IV – кварталга финансылык каражаттардын пландан ашыкча түшүүсүн прогноздолгонуна байланыштуу, 4000,0 миң сом суммасындагы финансылык каражаттарды төмөнкү иш-чараларга пайдаланууга макулдук берилсин:
- Кайыңды шаарынын ички көчөлөрүн жарыктандырууга – 3500,0 миң сом
- Кайыңдыдагы мектептерди тейлөөгө – 440,0 миң сом
- МФК “Каинда” – иш сапардык жан башка чыгымдар үчүн – 60,0 миң сом

3. «Атайын эсепке» түшкөн 1220,3 миң сом ашыкча акча каражаты «Бала бакча» бөлүмүнө – тамак - аш үчүн төлөмгө жөнөтүлсүн.

4.Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине каттоо жана киргизүү үчүн Чүй - Бишкек шаардык юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Кайыңды шаардык кеңешинин бюджет боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.Т.Иманкулов**